*Кыргыз Республикасынын*
*Улуттук статистика комитети*

***Экспресс-маалымат***
2019-жылдын 11-апрели

**2019-жылдын январь-мартындагы Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү**

*(млн. сом)*

| | Иш жүзүндө | 2019-ж. январь-марты 2018-ж.[1] январь-мартына карата пайыз менен | Маалымдама: 2018-ж.[1] январь-марты 2017-ж. январь-мартына карата пайыз менен | Айырмачылык (+, - ), пайыздык пункт |
|---|---|---|---|---|
| Ички дүң продукт (алдын ала баалоо) | 104527,3 | 105,3 | 101,2 | +4,1 |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 90711,8 | 101,4 | 103,1 | -1,7 |
| Өнөр жай продукциясынын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) көлөмү - бардыгы | 64145,2 | 114,2[2] | 100,2[2] | +14,0 |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 33843,9 | 93,7[2] | 112,6[2] | -18,9 |
| Пайдалуу кендерди казуу | 3428,2 | 159,4[2] | 112,3[2] | +47,1 |
| Иштетүү өндүрүшү | 46993,4 | 117,8[2] | 98,2[2] | +19,6 |
| Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 13058,7 | 97,0[2] | 105,1[2] | -8,1 |
| Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 664,8 | 112,2[2] | 124,3[2] | -12,1 |
| Айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун дүң продукциясы | 23492,6 | 101,8 | 100,6 | +1,2 |
| Каржылоонун бардык булактарынын эсебинен негизги капиталга инвестиция (капиталдык салымдар) | 18929,3 | 101,0 | 101,5 | -0,5 |
| Курулуштун дүң продукциясы | 18129,7 | 103,1 | 101,4 | +1,7 |

| | Иш жүзүндө | 2019-ж. январь-марты 2018-ж.[1] январь-мартына карата пайыз менен | Маалымдама: 2018-ж.[1] январь-марты 2017-ж. январь-мартына карата пайыз менен | Айырма-чылык (+, - ), пайыздык пункт |
|---|---|---|---|---|
| Дүӊ жана чекене сооданын жалпы көлөмү, автоунааларды жана мотоциклдерди ондоо | 84544,6 | 104,2 | 104,7 | -0,5 |
| анын ичинде автоунааларды жана мотоциклдерди сатуудан тышкары чекене соода | 46489,8 | 103,6 | 103,1 | +0,5 |
| Мейманканалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрү | 3655,3 | 106,4 | 106,2 | +0,2 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүктөрдү ташуу, миӊ тонна | 7076,6 | 101,3 | 102,3 | -1,0 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдү ташуу, млн. адам | 161,6 | 101,3 | 102,7 | -1,4 |
| Почта жана чабарман ишмердигинин кызмат көрсөтүүлөрү | 168,1 | 98,0 | 103,4 | -5,4 |
| Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 5282,2 | 95,5 | 92,5 | 3,0 |
| Керектөө бааларынын индекси | | 99,7 | 103,1 | -3,4 |
| - 2018-ж. декабрына карата | 100,0 | | | |
| - 2018-ж. мартына карата | 99,3 | | | |
| Катталган жумушсуздардын саны, миӊ адам | 79,4 | 128,3 | 104,4 | +23,9 |
| Бир кызматкердин орточо айлык номиналдык эмгек акысы[3], сом | 15226 | 104,6 | 106,5 | -1,9 |
| Тышкы соода жүгүртүү[4] | 884,6 | 88,9 | 139,3 | -50,4 |
| анын ичинде ЕАЭБге мүчө мамлекеттер | 306,4 | 89,3 | 116,8 | -27,5 |
| Экспорт[4], млн. АКШ доллары | 236,0 | 99,7 | 116,6 | -16,9 |
| анын ичинде ЕАЭБге мүчө мамлекеттер | 74,5 | 75,2 | 120,5 | -45,3 |
| Импорт[4], млн. АКШ доллары | 648,6 | 85,5 | 148,3 | -62,8 |
| анын ичинде ЕАЭБге мүчө мамлекеттер | 231,9 | 95,1 | 115,3 | -20,2 |

[1] Айрым көрсөткүчтөр такталды.
[2] Физикалык көлөмдүн индекси.
[3] 2019-ж. январь-февралы (чакан ишканаларды эсепке албаганда).
[4] 2019-ж. январь-февралы (алдын-ала маалыматтар боюнча).

**2019-жылдын январь-мартындагы Кыргыз Республикасынын экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн жыйынтыктарына кыскача түшүндүрмөлөр**

**Өнөр жай.** 2019-жылдын январь-мартындагы өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмүнүн өсүшү металл рудаларын (2,2 эсеге), көмүр казуунун (29,5 пайызга), чийки мунайзат жана жаратылыш газын (16,9 пайызга), негизги металл (40,1 пайызга), кийим (29,2 пайызга), башка металл эмес минералдык продуктуларды өндүрүүнүн (9,3 пайызга) көбөйүшү менен шартталды.

Ошону менен катар мунайзат продуктуларын өндүрүүдө (47,3 пайызга), текстиль өндүрүшүндө (10,9 пайызга), резина жана пластмасса буюмдарын (7,1 пайызга), тамак-аш азыктарын өндүрүүдө (8,1 пайызга), сөңгөктү иштетүүдө, жыгач жана тыгындан жасалган буюмдарды өндүрүүдө (8,6 пайызга) төмөндөө белгиленди.

Электр энергия, газ жана буу менен камсыздоонун көлөмү электр энергия өндүрүүнүн (5,8 пайызга) жана бөлүштүрүүнүн (1,0 пайызга) азайышынан улам 3,0 пайызга төмөндөдү.

**Айыл чарба.** Айыл чарба продукцияларынын дүң чыгарылышынын көлөмүнүн 2018-ж. январь-мартына салыштырмалуу өсүшү мал өстүрүүчүлүк продукцияларын өндүрүүнүн көбөйүшү (1,9 пайызга) менен шартталды.

**Курулуш.** 2018-жылдын январь-мартына салыштырмалуу негизги капиталга инвестициялардын көлөмүнүн өсүшү пайдалуу кендерди казуу, суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү, дүң жана чекене соода, маалымат жана байланыш, ошондой эле турак жай курулушу объекттеринде белгиленди.

Ички булактардын эсебинен каржыланган инвестициялардын көлөмү бул мезгил ичинде 7,1 пайызга төмөндөдү, ал эми тышкы булактардын эсебинен каржыланган инвестициялардын көлөмү тескерисинче 39,5 пайызга өстү.

2019-жылдын январь-мартындагы инвестициялардын негизги көлөмү (алардын жалпы көлөмүнүн 82 пайызга жакыны) пайдалуу кендерди казуу, суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү, транспорт ишмердиги, дүң жана чекене соода жана турак жай курулушу объекттеринин курулушуна багытталды.

130 орундуу эки мектепке чейинки мекеме, 150 койкалуу оорукана, 26 кезметине келүүчү эки амбулаториялык-бейтапканалык мекеме пайдаланууга берилди.

**Соода.** Дүң жана чекене соода жүгүртүүнүн, автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоонун 2018-ж. январь-мартына салыштырмалуу көбөйүшү негизинен чекене (3,6 пайызга) жана дүң сооданын (4,7 пайызга) көлөмүнүн өсүшү менен камсыздалды.

Мейманканалар жана ресторандардын көрсөткөн кызмат көрсөтүүлөрүнүн көлөмүнүн өсүшү негизинен тамактануу ишканалары

тарабынан камсыздалды, жалпы көлөмдөгү алардын үлүшүнө 91 пайызга жакыны туура келди.

**Баалар.** Үстүбүздөгү жылдын мартында мурунку айга салыштырмалуу керектөө бааларынын жана тарифтеринин жалпы республика боюнча 0,3 пайызга төмөндөшү белгиленди. Ошону менен бирге азык-түлүк эмес товарлардын (0,7 пайызга), кызмат көрсөтүүлөрдүн (0,4 пайызга) жана алкоголдук ичимдиктердин бааларынын (0,2 пайызга) төмөндөгөнү катталды, ошол эле убакта тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын бааларынын тескерисиче бир аз (0,1 пайызга) жогорулашы байкалды.

Үстүбүздөгү жылдын мартында мурунку айга салыштырмалуу Чүй облусунда (0,2 пайызга) керектөө бааларынын жана тарифтеринин жогорулашы катталды.

Үстүбүздөгү жылдын мартында мурунку жылдын декабрына салыштырмалуу керектөө товарларынын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн баалары жана тарифтери жалпы республика боюнча өзгөрүүсүз сакталып калды. Ошону менен бирге тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын баалары - 0,4 пайызга, тамеки азыктары 11,6 пайызга кымбаттады, ошол эле убакта алардын төмөндөшү азык-түлүк эмес товарларга (1,2 пайызга), кызмат көрсөтүүлөргө (0,8 пайызга) жана алкоголдук ичимдиктерге (0,1 пайызга) белгиленди.

Үстүбүздөгү жылдын I кварталында жаңы бышкан жашылчалардын (15,3 пайызга), таруунун (5,5 пайызга), пастеризацияланган стерилизацияланган сүттүн (2,4 пайызга), биринчи сорттогу буудай унунун (1,7 пайызга), тооктун (1,7 пайызга), кой этинин (1,6 пайызга) жана биринчи сорттогу буудай унунан жасалган нандын (бир пайызга), азык-түлүк эмес товарлардан - фармацевтика продукцияларынын (1,6 пайызга), килемдердин жана пол жабууларынын (1,7 пайызга) жана жаратылыш газынын баалары (1,1 пайызга) эң көп жогорулады. Ошону менен катар үстүбүздөгү жылдын башынан бери картошканын (10,0 пайызга), куюп сатуучу сүттүн (9,1 пайызга), алманын (6,8 пайызга), кумшекердин (2,1 пайызга), ошондой эле бензиндин (7,5 пайызга), күйүүчү майдын (6,6 пайызга), катуу отундун (6,1 пайызга) жана дизель майынын баалары (4,7 пайызга) олуттуу деңгээлде төмөндөдү.

Аймактар боюнча алганда, үстүбүздөгү жылдын мартында мурунку жылдын декабрына салыштырмалуу керектөө бааларынын жана тарифтеринин максималдуу өсүшү (0,7 пайыз) Чүй жана Нарын облустарында катталды, бул тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын бааларынын башка региондорго салыштырмалуу тиешелүүлүгүнө жараша 2,1 пайызга жана 1,9 пайызга эң көп жогорулашы менен шартталды. Ошол эле убакта үстүбүздөгү жылдын январь-мартында Ош ш. (0,6 пайызга), Ош (0,5 пайызга) жана Баткен облустарында (0,1 пайызга) керектөө бааларынын төмөндөшү белгиленди.

**Эмгек акы.** 2019-жылдын январь-февралындагы эсептелген орточо айлык эмгек акынын өсүү темпинин жогорулашы кесиптик, илимий жана

техникалык ишмердик, ошондой эле башка тейлөө ишмердиги чөйрөсүндөгү ишканалар менен уюмдардан сырткары, экономикалык ишмердиктин бардык түрүндөгү ишканаларда жана уюмдарда байкалды.

Орточо айлык эмгек акынын өсүү темпинин эң олуттуу жогорулашы маалымат жана байланыш (13,4 пайыз), пайдалуу кендерди казуу (11,8 пайыз), курулуш (10,8 пайыз), иштетүү өнөр жайы (9,8 пайыз), мамлекеттик башкаруу жана коргоо, милдеттүү социалдык камсыздоо (9,6 пайыз) жана кыймылсыз мүлк операциялары чөйрөлөрүндө (7,7 пайыз) байкалды.

**Тышкы экономикалык ишмердик.** Экспорттук жөнөтүүлөрдүн 2018-ж. январь-февралына салыштырмалуу 0,3 пайызга азайышы автоунаалардын жана тракторлордун тетиктерин жана бөлүктөрүн - 3,8 эсеге, бут кийимди - 3,0 эсеге, кийим жана кийимге тиешелүү буюмдарды - 2,5 эсеге, пахта буласын - 25,3 пайызга, сүт жана сүт азыктарын ташып чыгаруунун 7,3 пайызга төмөндөшү менен шартталды.

Ошону менен катар алтындын экспортунун 43,6 пайызга өсүшү байкалды, республиканын экспорттук жөнөтүүлөрүнүн жалпы көлөмүндөгү анын үлүшү 2018-ж. январь-февралына салыштырмалуу 24,8 пайыздан 35,7 пайызга чейин көбөйдү. Ошондой эле тамеки жана тамеки азыктарын (6,4 эсеге), кургатылган буурчак жемиштерин (2,1 эсеге) жөнөтүү, баалуу металлдардын рудаларын жана концентраттарын (10,5 пайызга), эт (6,4 эсеге), пластмасса жана андан жасалган буюмдарын (31,7 пайызга), цементти (10,6 пайызга) жөнөтүү да көбөйдү.

*Импорттук түшүүлөрдүн* көлөмүнүн 2018-жылдын январь-февралына салыштырмалуу 14,5 пайызга төмөндөшү булгаарыдан жасалган буюмдарды - 2,8 эсеге, кийим жана ага таандык буюмдарды – 2,4 эсеге, химиялык жиптерди жана булаларды – 2,3 эсеге, бут кийимди – 2,0 эсеге, автоунааларды, тракторлорду жана алардын бөлүктөрүн – 1,5 эсеге, тамеки жана тамеки азыктарын – 35,8 пайызга, резина жана андан жасалган буюмдарды – 31,8 пайызга, кара металлдарды жана андан жасалган буюмдарды ташып кирүүнүн 24,7 пайызга азайышы менен шартталды.

Ошол эле убакта ташылып келинген баалуу металлдардан жасалган буюмдардын көлөмүнүн - 6,7 эсеге, жер семирткичтердин – 4,7 эсеге, трикотаж болотнайынын – 3,3 эсеге, дан өсүмдүктөрүнүн – 2,2 эсеге, керамика буюмдарынын – 1,5 эсеге, электр машиналарынын жана жабдууларынын – 33,4 пайызга, сөңгөк жана андан жасалган буюмдардын – 30,4 пайызга, жемиштердин жана жаңгактардын – 30,2 пайызга, мунайзат продуктуларынын – 26,6 пайызга, фармацевтика продукцияларынын 21,6 пайызга өсүшү белгиленди.

*Республиканын ЕАЭБдин мүчө мамлекеттери менен өз ара соодасынын* көлөмү 2019-ж. январь-февралында 306,4 млн. АКШ долларын түздү жана 2018-ж. январь-февралына салыштырмалуу 10,7 пайызга төмөндөдү.

Ошону менен бирге экспорттук жөнөтүүлөрдүн да (24,8 пайызга), импорттук түшүүлөрдүн да (4,9 пайызга) төмөндөшү белгиленди.

Республиканын ЕАЭБдин мүчө мамлекеттери менен өз ара соодасынын эң жогорку үлүшү Россияга (58,1 пайызга) жана Казакстанга (40,4 пайызга) туура келди.

2019-жылдын январь-февралындагы Россияга болгон товарлардын экспортунда кийим жана кийимге тиешелүү нерселердин (Россияга болгон товарлардын экспортунун жалпы көлөмүнүн 38,0 пайызы), жездин калдыктары жана сыныктарынын (12,8 пайыз), баалуу металлдардын калдыктары жана сыныктарынын (9,8 пайыз), жашылчалар жана жемиштердин (9,8 пайыз), пахта буласынын (7,0 пайыз), алюминийдин калдыктары жана сыныктарынын (4,5 пайыз), сүт жана сүт азыктарынын (3,5 пайыз) жөнөтүүлөрү басымдуулук кылды. 2019-жылдын январь-февралындагы Россиядан импорттолгон товарлардын негизги үлүшүн мунайзат продуктуларынын (Россиядан импорттолгон товарлардын жалпы көломүнүн 30,9 пайызы), кара металл жана андан жасалган буюмдардын (13,9 пайыз), жаратылыш газынын (6,7 пайыз), сөңгөк жана андан жасалган буюмдардын (5,3 пайыз), күнкарама майынын (2,2 пайыз), нан жана нан азыктарынын (2,1 пайыз), күрүчтүн (1,9 пайыз) түшүүлөрү ээледи.

2019-жылдын январь-февралындагы Казакстанга болгон экспорттук жөнөтүүлөрдө баалуу металлдардын рудалары жана концентраттары (Казакстанга болгон товарлардын экспортунун жалпы көлөмүнүн 34,7 пайызы), бут кийим (8,7 пайыз), косметикалык каражаттар (8,5 пайыз), кийим (6,9 пайыз), жемиштер жана жаңгактар (6,2 пайыз), синтетикалык кездемелер (5,6 пайыз), сүт жана сүт азыктары (5,0 пайыз), нан жана кондитердик нан азыктары (3,8 пайыз), жылмаланган айнектер (3,6 пайыз) негизги товарлар болуп саналды. Казакстандын товарларынын импортунда мунайзат продуктуларынын (Казакстандын товарларынын импортунун жалпы көлөмүнүн 36,3 пайызы), кара металл жана андан жасалган буюмдардын (5,5 пайыз), буудайдын (5,2 пайыз), таш көмүрдүн (5,0 пайыз), тамеки азыктарынын (4,5 пайыз), буудай унунун (3,3 пайыз), минералдык жана кант кошулган газдалган суулардын (3,3 пайыз), күнкарама майынын (2,0 пайыз) түшүүлөрү басымдуулук кылды.

## Кыргыз Республикасынын негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүүсү

### Ички дүң продукт
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




### «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эске албагандагы ички дүң продукт
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




### Өнөр жай продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




### «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эске албагандагы өнөр жай продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




### Айыл чарбасынын дүң продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




### Негизги капиталга инвестиция
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



# Керектөө бааларынын индекси

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




*(мурунку жылдын декабрына карата пайыз менен)*




## Орточо айлык номиналдык эмгек акы

*(сом)*




## Реалдуу эмгек акы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Импорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Экспорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



**ЕАЭБге мүчө мамлекеттерден болгон импорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




**ЕАЭБге мүчө мамлекеттерге болгон экспорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Дүң жана чекене соода жүгүртүү**
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Төрага** **А.Ш. Султанов**